# ЖАҢЫ ЧАКЫРЫКТАР-ЖАҢЫ БИЙИКТИКТЕР!

«Билим берүү экосистемасы,бирдей жарандык жана зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо-коомдун туруктуу өнүгүүсү»

***Балдар жөнүндө кам көрүү мыкты болмоюнча, адамзат көптөн бери башын катырып келген бир дагы турмуш-тиричиликтик көйгөй чечилбейт***

***БУУнун балдар фонду***

# Семинардын максаты:

- -Билим берүү экосистемасын аныктоо;
- -Билим берүүдөгү  бирдей жарандык жана зордук-зомбулуктан социалдык-укуктук коргоо-коомдун туруктуу өнүгүүсү экендигин  далилдөө;

# Билим берүү мекемелериндеги зомбулук бардык жерлерде жайылган жана олуттуу кесепеттерге ээ глобалдык көйгөй болуп саналат.

- Билим берүү мекемесинде балдар арасындагы мамилелер, балдар менен чоң кишилердин ортосундагы мамилелер окуучулардын инсандыгын калыптануусуна жана алардын кийинки социалдашуусуна өтө чоң таасир тийгизет. Зомбулуктун натыйжалары адам баласынын эмоционалдык жана когнитивдик жетилүүсүндө, физикалык жана психикалык саламаттыгында жана жүрүм-турумунда чагылуу менен, анын кийинки жашоосуна таасир тийгизет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан “Кыргыз Республикасынын калкын  социалдык коргоонун өнүгүшүнүн стратегиясы” бекитилген, анда зомбулукка кабылган балдарга жардам берүүчү атайын социалдык кызматтардын системасын түзүү өзүнчө белгиленген.

Зомбулуктан эркин болгон жана коопсуз билим берүүчүлүк чөйрө – сапаттуу би лим алуунун маанилүү шарты болуп саналат, жана аны ишке ашыруу мектептик өзүн- өзү башкаруу органдарынын активдүү катышуусу менен көп учурда мектеп директор- лорунан, мугалимдерден, психологдордон, ата-энелерден көз каранды болот.

- Зомбулукту натыйжалуу токтотуу жана ага жооп кайтаруу билим берүү мекемесинен система ичиндеги да, ошондой эле мекемелер аралык да өз ара аракеттешүүнү  талап кылат. Мындай өз ара аракеттешүүнүн негизинде – улуттук мыйзамдык жана  нормативдик база, ошондой эле практика жүзүндө калыптанып калган биргелешип иш-тешүүнүн мамилелери жана механизмдери жатат.